ФИЛОСОФИЯ PHILOSOPHY

УДК101:330.101(575.2(04)

## РУХАНИЙ-АДЕПТИК КООПСУЗДУКТУ КОРГООНУН АКТУАЛДУУЛУГУ

**Козубаев Өскөнбай,**
профессор, бөлүм башчы
**Эргешова Тазагүл,**
кенже илимий
кызматкер

## АКТУАЛЬНОСТЬ ОХРАНЫ ДУХОВНО-НРАВСТВЕННОЙ БЕЗОПАСНОСТИ

**Козубаев Өскөнбай,**
профессор,
зав. отд.
**Эргешова Тазагүл,**
младший научный сотрудник

## THE RELEVANCE OF PROTECTING SPIRITUAL AND MORAL SAFETY

**Kozubaev Skonbay,**
professor,
head dept.
**Ergeshova Tazagul,**
junior researcher

*КР УИАнын академик А.А.Алтмышбаев атындагы философия институту*
*Институт философии им. академика А.А.Алтмышбаева НАН КР*
*Institute of philosophy named after. Academician A.A.Altmyshbaev NAS KR*

**Аннотация.** Азыркы Кыргыз мамлекетинин коопсуздугун коргоонун бирден-бир зарыл бөлүгү - бул улуттун руханий-адептик коопсуздугун сактоо экендиги учурдагы коомдук мамилелерден таасын байкалып турат. Эгемендик алгандан кийинки жылдарда коомчулуктун менталдык дүйнөтүшүнүүсүндө, адеп-ахлактык көз караштарында өзгөрүүлөрдүн болуп жаткандыгы улам барган сайын айкындалууда. Азыркы коомдук формат мурдагы адам баалуулугун аздектеген адептик нормалардан мүлк баалуулугуна артыкчылык берген нормаларга көбүрөөк ыңгайлашууга жол ачууда. Бир караганда акыл-эс элегинен байкалып-байкалбай сызылып өтүп жаткан руханий-адептик нормалардын өзгөрүүсү кылымдап калыптанып түптөлгөн улуттук нарк-насилибизге улам терс таасирин тийгизип келе жаткандыгына күбө болуудабыз. Макалада Кыргызстанда руханий-адептик коопсуздукту коргоо маселесинин актуалдуулугу каралат.

**Негизги сөздөр:** адам, адамгерчилик, мораль, этика, коом, гуманизм, адеп коопсуздугу, элита.

**Аннотация.** Обеспечение национальной безопасности Кыргызстана неотъемлемо включает в себя защиту духовно-нравственного наследия, традиционных норм и императивов общественной жизни. Речь идет об охране духовно-нравственной безопасности, позволяющей обществу соблюдать свои жизненно важные параметры этического порядка в пределах исторически сложившейся нормы. Их выход за рамки традиционных норм ведет к распаду общества как целостной системы в связи с разрушением структуризующих его духовно-нравственных оснований. Национальные интересы Кыргызстана в области духовной жизни заключаются в утверждении идеалов традиционной нравственности, патриотизма и гуманизма, развитии многовековых народных традиций. В статье рассматривается вопрос актуальности охраны духовно-нравственной безопасности в Кыргызстане.

**Ключевые слова:** человек, общество, мораль, этика, нравственная безопасность, гуманизм, элита.

**Abstract.** Ensuring the national security of Kyrgyzstan integrally includes the protection of the spiritual and moral heritage, traditional norms and imperatives of public life. We are talking about protecting spiritual and moral security, allowing society to observe its vital parameters of ethical order within the limits of the historically established norm. Their going beyond traditional norms leads to the collapse of society as an integral system due to the destruction of the spiritual and moral foundations that structure it. The national interests of Kyrgyzstan in the field of spiritual life lie in the affirmation of the ideals of traditional morality, patriotism and humanism, and the development of centuries-old folk traditions. The article discusses the relevance of protecting spiritual and moral security in Kyrgyzstan.

**Key words:** man, society, morality, ethics, moral safety, humanism, elite.

Ар кандай эле теориялык дисциплина өз изилдөөсүнүн предметин бир бүтүн система катары аныктайт. Мораль бир бүтүн система иретинде жана коомдук аң сезимдин формасы катары этиканын предметин түзөт. Аны теориялык жактан аныкташ үчүн моралдын ички элементтерин изилдөө зарыл. Биздин оюбузча моралдын зарыл элементтери деп моралдык мамилелерди жана моралдык аң-сезимди бөлүп көрсөтүүгө болот. Алар бири-бири менен ажырагыс байланыштуу, бири-бирин шарттап турат. Маселен, адамдын тигил же бул иш аракетин анын өзүнүн курчаган социалдык чөйрөгө карата мамилеси аркылуу моралдык аң-сезим баалайт. Демек, адамдын аң-сезими социалдык практиканын ар бир конкреттүү учуруна моралдык баа берүү мүмкүнчүлүгүнө ээ.

Ушул өңүттөн алганда «азыркы кыргыз коомундагы моралдык кырдаал кандай?»,-деген суроо адилеттүү жана орундуу. «Улуттук деп аталган руханий-адептик баалуулуктар кандай өзгөрүүлөргө дуушарланды? Алардын баары эле моралдын жалпы адамзаттык идеал-талаптарына, улуттун уңгулуу нарк-насилине жооп береби? Ал өзгөрүүлөрдүн себеби эмнеде?» ,- деген сыяктуу суроолор көп.

Ушундай суроолордун келип чыгышы азыркы ааламдашуу процессине да байланыштуу. Бул процесстин Кыргызстандагы руханий-адептик баалуулуктарга тийгизген терс таасирин талдоо – учурдун зарыл талабы. Анткени, бул маселе өлкөдө руханий-адептик коопсуздукту коргоо маселеси менен чукул байланыштуу. Ал эми руханий-адептик коопсуздукту коргоо – жалпы мамлекеттин коопсуздугун коргоонун ажырагыс бир бөлүгү.

Азыркы кыргыз коомунун руханий-адептик коопсуздугун коргоо - бул эң алды менен жалпы улуттун жана анын

ар бир жаранынын дүйнөтүшүнүмүндө учугун жоготпой уланып келе жаткан, өткөндүн көп кылымдык адеп казынасын камтыган элдик этиканын бай тажрыйбасын сактоо жана өркүндөтүү. Аны таанып билбей туруп гуманисттик, патриоттук идеяларга каныккан жаңы адамды тарбиялоо мүмкүн эмес. Ошол байыркы бай казынанын ичинен нукура элдик прогрессивдүү баалуулуктар гана азыркы руханий маданияттын, анын ичинде адеп маданиятынын келечек трансформациясына, көп кылымдарды камтыган руханий салттуулукту улантуусуна объективдүү зарыл өбөлгө боло алат. Кыргыз Республикасынын Президенти С. Н. Жапаров белгилегендей: «Акыркы жылдарда кылымдарды карыткан улуттук баалуулугубуз четинен бөксөрүп, кетилип, жакшысынан жаманы көбөйүп баратканы өкүнүчтүү»[1,51-б].

XXI кылымдагы реалдуу коомдо гуманизмдин классикалык концепциясы болуп көрбөгөндөй өзгөрүүгө дуушарланууда. Сөз техногендик катастрофалардын, геосаясый конфликттердин арбындап бара жатышы, энергетиканын жана азык-түлүктүн тартыштыгы сыяктуу трансгуманисттик глобалдуу кооптуу коркунучтар улам курчуп бараткандыгы жөнүндө болуп жатат. Ушул аталган коркунучтарга дагы бир асоциалдык жана имморалдык кубулушту – “коомдун элитасы” деп аталган аз гана социалдык топтун эгоизмин кошпой коюуга болбойт. Эгерде жогоруда аталган коркунучтардын көпчүлүгү көзгө көрүнгөн, адамзат алардын абсолюттуу апаат экендигин так билген коркунучтар болсо, “элитанын эгоизми” деген коркунуч кайсыл коомдо болбосун сыртынан байкала бербеген, бирок социумдун гуманисттик өзөгүн ичтен ириткен опурталдуу коркунуч. Маселенин мындай кескин коюлушу аша чапкандык эмес, бул терең изилдей турган кубулуш. Техногендик цивилизациянын деструктивдүү жактарын таасын аңдаган М. Хайдеггер «азыркы доордун элитасы кудайдан да коркпой калды» деп бекеринен айтпагандыр.

Абалтан белгилүү - адам баласы өзүнүн адеп-ахлактык, изгилик табиятында башка адамга, өз тегерегиндеги коомчулукка гумандуу сый мамиле жасоого тубаса умтулат. К. Маркс айткандай коомдо жашап туруп, андагы мамилелерден сыртта калууга болбойт. Ал эми ар кандай коомдук мамилелердин социалдык-этикалык негизин (өзөгүн) адамгерчиликти аздектеген гуманисттик принциптер түзөөрү белгилүү. Бирок, тилекке каршы социумдун ички мамилелери дайым эле жипке тизгендей ырааттуу, мактанаарлыктай моралдуу эмес. Анын ички карама-каршылыктары, оош-кыйыштары толуп жатат. Демек, коомдук мамилелер дайыма эле гумандуулуктун эталону деп айткыдай абалда болбойт. Э.Фромм айткандай конструктивдүү “жакшылыктын, кең пейилдиктин синдромуна” деструктивдүү мүнөздөгү “жамандыктын, алдым-жуттумдуктун синдрому” каршы турат. Кыргыз коому да мындай “алдым-жуттумдуктун синдромунан” куру эмес. Албетте, бул бүгүн эле чыга калган көрүнүш дегенге да болбойт, эзелтен боло жүргөн адат. Деген менен да, эгемен деп аталган соңку отуз жылда “колго тийген коёнду, коё берген оңойбу” деген сыяктуу Советтер доорунда эмгекчил элдин кажыбас күжүрмөн эмгеги менен түптөлгөн, кыргыз элинин кылымдарды карыткан көөнө тарыхында болуп көрбөгөндөй байлыкты отуз жылдын алгачкы эле он жылында жоо чапкандай жылас кылып талап-тоноп, кыйратып түбүнө жетүүнү кандай түшүнсөк болот? Кызыгы, анчалык байлыкты жалпы эл-журт тоногон жок. Көп болсо жалпы калктын санынын он процентин түзгөн атка минерлер жана чайкоочулук менен байыган азчылык бөлүп-жарып алышты.

Биздин заманга чейинки экинчи кылымда жашаган грек ойчулу Полибий саясий бийликтин негизин, экономикалык-финансылык байлыкты, күч ор-

гандарын колуна алган автократия деп аталган аз гана алакандай топ түзөөрүн айтып, эгер алардын үстүнөн мамлекет тарабынан тиешелүү көзөмөл болбосо, автократия бат эле олигархияга айланып кетээрин таасын айткан. Байыркы ойчулдун бул тезиси XXI кылымдагы Кыргызстандын мисалында өз чындыгын дагы бир ирет тапты.

Социалдык-экономикалык чукул өзгөрүүлөрдөн улам жапайы капитализмдин үлгүлөрү социалисттик коомдук мамилелер кыйрагандан кийинки Кыргызстанга да бат эле тарады. Мурда "социалисттик менчикти көздүн карегиндей сактайбыз" дегендердин айрымдары приватизация деген таламай башталаары менен стратегиялык заводдордон тартып коомдук дааратканаларга чейин менчиктештирүүгө өткөндүгү жалпы журтка белгилүү. Ушундай кыйчалыш кырдаалда өзүнүн эгоисттик жеке кызыкчылыктарын баарынан жогору деп билген, уят, ар-намыс деген түшүнүк-ишенимдерди моюндабаган, псевдоэлиталык деңгээлдеги субъекттердин казанына май тамды. Мамлекеттик бийлик убагында Батыштын утилитардык-империалисттик кызыкчылыктарын коргоо үчүн жана Рим клубу тарабынан 1960-жылдардын аягында иштелип чыккан СССРде деиндустриализация, децентрализация иштерин жүргүзүү боюнча жоболорго таянган Дүйнөлүк банк, Эл аралык валюталык фонд сыяктуу күчтөрдүн айдактоосу менен менчиктештирүү процессин баштаганда дал ошол псевдоэлиталык элементтердин күнү тууду. Мурдагы советтик элитанын дүйнө түшүнүүсүндө альтруисттик ишеним-императивдер басымдуу болуп турууучу. Коом үчүн, мамлекет үчүн деген көз караш артыкчылыктуу (приоритеттүү) болгон. Элитанын басымдуу көпчүлүгү үчүн жеке кызыкчылыктан коомдук кызыкчылык дайыма өйдө турган. Ал эми кийинки отуз жылда эгоисттик аракеттер эч бир эрен-төрөнү жок эле ачыкталып, тескерисинче эбин таап байыгандар эл оозунда мактоого алынып калды. Бир парадокстуу жагдай – социализм убагында да коомдук менчиктен өөнөгөн учурлар болгон. Мисалы, лабораториядан бир литр спирт, же чоң курулуштан бир килограмм мык деген сыяктуу. Ал эми жаңы доордогу талап-тономой түшкө кирбегендей масштабда жүрдү. Кечээги эле атка минер кошунаң колдон келеттик менен бүгүн миллионер болуп чыга келди. Мүлктүк эгоизмдин эпидемиясы улам кулачын жайып, либералдашкан коомдо өз билгенин жасап, уят-сыйытты унутуп коомдук байлыкты таламай адатка айланып бара жатканда азыркы официалдуу кыргыз бийлигинин коррупцияга каршы күрөштү күчөтүүсү жалпы эл журттун колдоосуна ээ болуп, алдым-жуттумдукту тизгиндөө боюнча алгылыктуу антикоррупциялык аракеттердин ооз жүзүндө эмес, иш жүзүндө жүрүп жаткандыгы талашсыз түрдө мамлекетибиздин туруктуу өнүгүүсүнө руханий-адептик өбөлгө болоорунда шек жок.

Чынында эле, XX кылымдын 90-жылдарынан тартып калыптанып баштаган олигархиялык топ азыр гуманизм, этика, адеп-ахлак деген түшүнүктөрдү мындай коёлу, өз эне тилибиздеги "адамгерчилик" деген сыяктуу нукура гумандуу сапаттарды да таназарына ала бербеген күчкө айланган. Алардын айрымдары өзүлөрүн "биз кыргыз коомунун каймагыбыз", маанисин түшүнсө-түшүнбөсө да "биз элитабыз" деп жыйындарда көкүрөк уруп, ооз көптүрө сүйлөгөндөн да кайра тартышпайт. Жогоруда "элиталык эгоизм" деген термин тууралуу айттык. Эгоизм кенен мааниде алганда индивиддин өзүнүн жеке кызыкчылыктарын канааттандырууга болгон аракети, умтулуусу. Ал үчүн башкалардын кызыкчылыгы түккө да турбайт. Кант белгилегендей адамдын эркиндиги менен уяты анын коом алдындагы милдетине дал келбегенде анын эгоисттик кызыкчылыктары

алдыга чыгат. Кант аларды «моралдык эгоисттер» деп атаган. "Моралдык эгоист – бул өзүнүн бүт максатын өз кызыкчылыктарын канааттандыруу менен гана чектеген адам. Ал коом алдындагы милдетке караганда өз пайдасын өйдө коёт" [2, 357-361-бб.] Ошол элиталык эгоизмдин бир одоно көрүнүшү катары, мисалы костюмуна депутаттык значогун тагып алып, ооруканага келип кезекте турган жаш-карыга карабай, "дарыгерде пациент бар" деген сөз кулагына кирбей, врачка кезексиз кирген субъектти кантебиз? Же болбосо азыр Кыргызстандын шаарларында көп кабаттуу үйлөрдүн курулушу байма-бай жүрүп жаткан учур. Курулуш иштерин жүргүзүп жаткан компаниялардын арасында бийлик тизгинин кармап турган аткаминерлердики да бар экендиги белгилүү. Андайлар мыйзамды аткарган киши болуп бизнес субъекттерин туугандарына, же жек-жааттарына өткөрүп бергени менен, иш жүзүндө жетекчилик иштерин дагы эле өзүлөрү жүргүзөөрү жакында эле телеканалдардын биринен берилген көрсөтүүдө айтылгандыгына күбө болдук. Тагыраак айтканда, иш жүзүндө депутат жетектеген бир кампания үй алабыз деген жүздөгөн кардарлардын каражатын чогултуп алып, түзүлгөн келишимге карабай убакыт өтүп кетсе да, бүтө элек үйдүн курулушу тууралуу ошол көрсөтүүдө кенен айтылды. Элитанын жасай турган жоругу ушулбу? Ал эми кийинки жылдары коррупциянын болуп көрбөгөндөй тамыр жайышы менен талап-тоноонун жаңы түрлөрү мисалы, тигил же бул социалдык-экономикалык долбоорго бөлүнгөн каражаттан өөнөп алуу, айталы, айтылуу 10% деген сыяктуу көрүнүштөрдөн улам айрым бир топтордун клaндык эгоизми жаралгандыгы байкалат. Бул жеке индивидуалдык эгоизмге караганда социалдык масштабы боюнча кооптуу кубулуш. Мунун өзү – социалдык-этикалык текеберчиликтин, дискриминациянын мисалы эмей эмне? Өзүн өзгөлөрдөн өйдө көрүп, өлкөнү эмес, өзүнүн жеке мансап, байлык кызыкчылыгын биринчи орунга коюп, кызматтык абалынан кыянаттык менен пайдаланып, өз көмөчүнө күл тарткандык элиталык эгоизмдин дал өзү. Ушул жерде Канттын "Адам болуу үчүн, адам кандай болуу керек?" (Каким надо быть человеку, чтобы быть человеком?) деген суроосу эске түшөт. Кант адам болуу темасын көтөргөндө, эң алды менен адамды жеке инсан катары аныктап, анын коомдун алдындагы милдеттеринин алкагында караган [3, 206-б.].

Адам болуу темасы кыргыз коомунда да байыртадан байырлап келе жаткандыгы белгилүү. Айталы, "Манас" эпосунда Жакып хан жаш өспүрүм Манасты Ошпурга кой багууга жөнөткөндө эң алды менен өз баласын "Адам болсун" деген изги тилек менен жиберген. Элдин эртеңки тагдырын ойлогон Жакып, жаш Манас карапайым эл ичинде карандай эмгекти көрүп, эртелеп бышып жетилсин, эл журтка аралашып адамгерчиликтин "академиясынан" өтсүн деген тилекти, максатты көздөгөн. Антпесе, эртең эл башына келгенде Хан Манастын журтка мамилеси кандай болмок? Ошондой мектептен өтпөсө Манас баатыр Айкөл атагына жетээр беле?

Гуманисттик мазмунга уюган адам болуу идеясы көптөгөн социалдык илимдердин изилдөө объекти болуп келет жана анын түпкү өзөктүү маңызынан тартып түрдүү көрүнүштөрүнө чейин теориялык жактан иликтенүүдө. Ошол көп темалардын бири адамдын демейки (күнүмдүк) жашоосуна гуманизмдин тийгизген таасири. Күнүмдүк жашоонун алкагынан алганда гуманисттик мораль коомдун туруктуу өнүгүүсүнө негиз боло алабы? Туруктуу өнүгүүнүн башкы максаты эмнеде? Бир сөз менен айтканда туруктуу өнүгүүнүн бирден бир көздөгөнү - жалпы коомдун жана ар бир адамдын социалдык-экономикалык, маданий-рухании жактан бакубат жашоосун камсыздоо. Демейде маселе бул фокустан

коюлганда анын экономикалык жагына ашкере көңүл бурулат. Ошол эле учурда социалдык мамилелердин күнүмдүк жүрүшүндөгү адептик баалуулуктар, айрыкча моралдык нормалар жана принциптер көңүл сыртында калат.

Ал эми адам баласынын күнүмдүк жашоосунун ар бир көз ирмеми адеп-ахлактык нормалар жана принциптер менен жөндөлүп-тескелип турат. Бул- жашоонун зарыл мыйзамы жана императиви. Антпесе адамдын аң-сезимсиз, акыл-эссиз бир макулуктан айырмасы болбой калмак. Ушундан улам адам болуу бул - ар бир адамдын өмүрүндө үзгүлтүксүз жүрүп турган социалдык-руханий процесс. Бул процесс токтогон көз ирмемде адам адам болуудан калат. Демек, адам өз жашоосунун ар бир көз ирмеминде аң сезимдүү түрдө адам болууга умтулат. Ал эми бул оңой иш эмес. Ошол себептен Кант жогорку суроону коюп жатат. Бул иштин оңой эмес экендигин акыл элегинен, санаа сезиминен сыдырып өткөргөн улуу гуманист жазуучу Ч. Айтматов бекеринен "адамга күндө адам боло билүү кыйын", - деп айтпагандыр.

XV кылымда жашаган гуманист Джованни Мирандола айткандай Кудай адамды жаратканда "О адам, биз сага же өзүбүздүн ордубузду же бир белгилүү түс-келбетти, же бир өзгөчө милдеттерди берген жокпуз. Орунду да, жүзүңдү да, милдетиңди да сен өз эркиң менен, өз каалооң менен таап ал" [ 4, 249-б.] деген экен. Бул оор милдетти ар бир адам баласы өз өмүрүндө күн санап өтөп келет. Ким да болсо коомдогу өз ордун табууга жол издейт. Ошол жолду табууда моралдык нормалар менен принциптердин ролу чоң. Бир караганда адам бул маселенин үстүнөн көп деле ойлоно бербегендей көрүнөт. Демейки жашоодо адам баласы "ушул жерде жана азыр" деген принципке таянган утурумдук утилитардык кызыкчылыктар менен алектенип, ошол сымал гана кызыкчылыктарын канааттандырып жашап жүргөндөй көрүнөт [5,51-б.]. Чынында ошондойбу? Албетте, андай эмес. Адам өзүнүн күнүмдүк жашоосунда социумда ээлеген ордуна, өзүнүн социалдык мүмкүнчүлүктөрүнө жараша бир гана өз жыргалчылыгы үчүн эмес, аны курчап тургандардын да бакубат жашоосун камсыздоону көздөйт. Бул адам жашоосунун, маңызынын бирден-бир зарыл белгиси. Өзүнүн бул функциясын өтөөдө адам ар убак эле моралдык нормаларды жана принциптерди ойлоно бербейт. Адамдардын утилитардык кызыкчылыктарын канаатандыруу ар түрдүү типтеги социалдык-институционалдык нормаларда адат, укук-милдет, мораль формасында аң-сезимдин ички туюмунда интуитивдик деңгээлде уюп калган. "Уурдаба" деген сыяктуу түбөлүктүү моралдык осуяттардан тартып, күнүмдүк жашоодогу хрестоматиялык болуп калган бардык моралдык нормалар жана принциптер бир караганда жеке адамдын же адамдардын тобунун же жалпы коомдун утилитардык кызыкчылыктарын камсыздоого багытталгандай. Ал эми чындыгында кандай?

Мораль коомдук аң-сезимдин башка формалары сыяктуу эле эки деңгээлдеги көрүнүшкө, интерпретацияга ээ. Биринчиси, моралдык нормалардын адамдын күнүмдүк жашоо-тиричилигинде колдонулушу, башкача айтканда, жашоонун күнүмдүк тажрыйбасын жөндөп-тескеп турган эмпирикалык деңгээл. Ю. Хабермас белгилегендей бул "адамдардын күнүмдүк турмуштагы өз ара мамилелерине мүнөздүү интуитивдүү моралдык сезим-туюмдар. Ал эми экинчиси – бул этиканын жалпы категориялык түшүнүктөрүнө тиешелүү болгон теориялык деңгээл" [6, 74-75]. Бул эки деңгээл бири-биринен принципиалдуу түрдө айырмаланып турат. Күнүмдүк эмпирикалык практикада жеке адамдын моралдык тандоосу анын жүрүм-турумунун, моралдык позициясынын оң же терс жактары аркылуу даана байкалат. Күнүмдүк жашоо-тиричилигинде адам-

дын баатырдык, же коркоктук, берешендик, же алдым-жуттумдук сыяктуу моралдык сапаттары айкын көрүнөт. Жалпылап айтканда, тигил же бул инсандын моралдык жагынан алганда жасаган иш-аракети канчалык даражада гумандуу, адамгерчиликтүү? Маселенин философиялык-этикалык маңызы мына ушунда турат. Ушул жерден социалдык детерминизмге байланыштуу бир жагдайга көңүл буруу абзел. Тигил же бул инсандын моралдык позициясы бул анын жеке гана субъективдүү тандоосу менен чектелбейт. Ал коомдун моралдык талаптарына, жалпы социалдык конкреттүү кырдаалга байланыштуу жана коомдук моралдык нормалар менен жөндөлүп турат [7, 108]. Демек, жогоруда айткандай коомдо жашап туруп, коомдук мамилелерден, ошол коомдогу нарк-насилден сыртта калууга болбойт. Кимдин кандай өмүр сүрүп, ошол өмүрүндө кандай жакшы же жат иштерди жасап жаткандыгы алаканга салгандай көрүнүп турат. Ошондон улам "укпайт деп ушак айтпа, көрбөйт деп уурулук кылба", - деген накыл кеп тегин жерден айтылбагандыр. Ага карабастан коомубуз адамгерчиликти туу туткан гуманизмдин табиятына жат көрүнүштөрдөн да куру эмес. Өкүнүчтүүсү ошол көңүл иренжиткен аморалдык жат көрүнүштөрдүн элита деп эсептелген аткаминерлер тарабынан жасалып жаткандыгы. Алар, айрыкча бийлик органдарына эл атынан шайланып келгендер, калкка ак кызмат кылуу тууралуу убадаларын унутуп, өз бийлик мүмкүнчүлүктөрүнөн кыянат пайдаланып, мыйзамды көзгө илбей, уят-сыйыт, ар-намыс дегенди көңүлдөн чыгарып, билгендерин жасай берсе коомубуздун эртеңки тагдыры кандай болот? Себеби коомдун, мамлекеттин туруктуу өнүгүүсү бир эле экономика менен шартталбайт. Туруктуу өнүгүүнүн бирден-бир зарыл шарты – гуманизмдин принциптерине таянган руханий-моралдык тазалык. Адамзаттын тарыхында "уурдаба" деген улуу ишеним-императив абалтан бар үчүн, ар бир коом өз жашоосунун учугун үзбөй улантып келет. Бул акыйкат чындык кыргыз коомун да кыйгап өтпөйт. Ошондуктан эгемен Кыргызстандын ар бир жараны, анын ичинде "элитамын"-дегендер да өзүнүн ички жан дүйнөсүнүн тазалыгын сактаганда гана коомдун туруктуу өнүгүүсү камсыз болоорунда шек жок. Ошондуктан, жалпы мамлекеттик коопсуздукту коргоонун алкагында өлкөбүздөгү руханий-адептик коопсуздукту коргоо да дайыма актуалдуу.

**Адабияттар:**

1. Жапаров С.Н. Жаңы Кыргызстанды куруунун багыты. – Бишкек: Принт Экспресс, 2023.135 б.
2. Кант И. Соч. в 6 т. Т.6. –М.: Мысль, 1966. 744 б.
3. Кант И. Соч. в 6 т. Т.2. –М.: Мысль, 1964. 512 б.
4. Эстетика Ренессанса. Антология в 2-х т. Т.1. –М.: Искусство, 1981.495 б.
5. Кнабе Г.С. Диалектика повседневности//Вопросы философии. –М.: 1989, №5. 29-53 б.б.
6. Хабермас Ю. Моральное сознание и коммуникативное действие . –Спб.: Наука, 2001. 381 б.
7. Дробницкий О. Г. Проблемы нравственности. –М.: Наука, 1977. 334 б.